Күлсүмбүбү Соорбекова

# Ойлоп тапчы жан досум



УДК 1/14
ББК 87.3 (2 Ки)
С 86

К. Соорбекова
С 86 Ойлоп тапчы жан досум. Б. 2016. «Улуу Тоолор», – 36 б.

ISBN 978-9967-417-74-2

С 03010300–13

ISBN 978–9967–417–74–2

УДК 1/14
ББК 87.3 (2 Ки

© Соорбекова.К., 2016.



Биз билимдүү бололу,
Кубанычка тололу.
Бекеринен айтпайт го,
Китеп билим булагы.
Көп окуган баланын,
Жарык болот чырагы.
Санаганды үйрөнүп,
Биз так болуп туралы.
Бүт достордун көңүлүн,
Кел, эсепке буралы.

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗААЛЫ
Инв. № б/н



Басып барып, жер таптап,
Сатып алдым үч калпак.
Бирди бердим айылга,
Бирди бердим Жайылга,
Бөбөгүңө белек деп;
Бирди бердим Айымга.
Канча калпак калды экен?
Мен жашаган жайымда.



Сук сагызган сугунуп,
Төрт өрүктү жеп кетти.
Аркасынан жүгүрсөм,
Ак чыныны тээп кетти.
Бар болуучу беш өрүк ,
Мага калды канча өрүк?



Жети улак жетелеп,
Атам кетти базарга.
Бешөө кетсе сатылып,
Канчоо калды катарда?



Тапшырма берем Актанга,
Беш өрдөк учту асманга.
Кайрылып келди экөөсү,
Уясын издеп жатканга.
Ойлонуп көрчү акылдуум,
Канчасы калды асманда?









Эки бүркүт аскаңда.
Эки бүркүт аркаңда,
Канча болот санап көр?
Бирин-бири тапканда.





Таранчы, канчоо карап тур,
Жакшылап ойлоп санап тур.
Бешөөсү оңго каранды,
Канатын жууп сулуулап,
Үчөөсү бир топ таранды.
Төртөөсү учса асманга,
Бирөөсү түштү капканга.
Беш деген баа коёбуз,
Бул эсепти тапканга.

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗААЛЫ
Инв. №





Кыздар, балдар жүгүрүп,
Жашынмак ойноп жатышкан.
Кызыгып кетип эжеке,
Оюнга кошо катышкан.
Кампага бешин качырып,
Дабыштарын чыгартпай,
Сандыкка үчүн батырып.
Жыйылып турган төшөккө,
Алтоосун койду жашырып.
Канчоо болчу башында?
Эжекенин кашында?



Айылга кирип келүүгө,
Жети түлкү батынды.
Обочороок отуруп,
Экөө мойнун кашынды.
Бачиктерин багам деп,
Алтоо тамак ташынды.
Ким эсепке талапкер?
Башын кошсо түлкүлөр,
Канчоо болот санап көр?



Учуп бир топ көпөлөк,
Көктө жүрдү көкөлөп.
Оң жагымда алтоосу,
Сол жагымда алтоосу.
Бири конду башыма,
А экөөсү чачыма.
Дирилдетип канатын
Дагы бирөө артымда,
Канчоо болот көрөлү?
Бирден санап берели.



Алмурутту карасам,
Алтоо экен санасам.
Бирди берсем өзүңө,
Канчоо калат өзүмө?



Айдай менен Айдарбек,
Терип жеди алчаны.
Бири жеди төртөөнү,
Бири жеди экөөнү.
Тактап санап көрөлү,
Үзүп кызыл алчаны,
Экөө жеди канчаны?



Тогуз торпок короодо,
Бирөө келди Оморго,
Экинчиси Оӊолго.
Суу берчи дейт чоӊ атам,
Канчоо калды короодо?



Көк сандыктан үчөө бар,
Кызылынан бешөө бар.
Табышмактын сандыгы,
Канча болот бардыгы?

# 4+5=

Кечээ төрттү алганмын,
Бүгүн абдан шашылып,
Беш алам деп барганмын.
Кошуп көрчү эки баа,
Канча болуп калганын?






Алтында беш калем сап,
Жаркында беш калем сап.
Канча болот бардыгы?
Кана досум ойлоп тап.







Тоодон  түштү кыркалап,
Кайберендин сегизи.
Төш керип келген алдыда,
Кайкалап эки семизи.
Дагы бири келүүдө,
Туш тарапка ажайып,
Бир сулуулук берүүдө.
Канчоо болот карап көр?
Чочутпай барып санап көр.

Сатып алдык базардан,
Жыйырма кило жемишти.
Топтоп ал деп витамин,
Таза жууп апакем,
Үч килосун жегизди.
Сурап кетти беш кило,
Оң жактагы кошуна.
Кайрылалы башына,
Канча болот калганы?
Эми коюп көрөлү,
Таразанын ташына



Суу жээкке келди, үч жолборс,
Аркадан дагы жетөөсү.
Билгизбей көңүл буралы,
Абайлап, алыс туралы.
Төртөөсү жетти акырын,
Токтошо күтүп жакынын.
Алар да үчөө турбайбы,
Суусуну канып жыргайбы?
Көрүнбөй аста жетели,
Акырын санап кетели.







Карк, карк этип көп карга,
Баш оорутту заматта.
Ону конду шашылып,
Жем төгүлгөн тарапка.
Дагы келди сегизи,
Мен толтуруп күчүккө;
Куюп койгон тамакка.
Канча карга чогулду?
Эсептей гой баракка,
Кимиң кыйын санакка?





Айылдагы бүт балдар,
Ат сарайга барышты.
Тандашышып ичинен,
Жыйырма атты чабышты.
Баары барат арыштап,
Жетээр жерин карыштап.
Бир тулпар чыкты бурулуп,
Алкынып алга жулунуп.
Маарага жетип барды го,
Байгени жалгыз алды го!
Канчасы калды жүгүрүп?
Жеңишке жетпей жүгүнүп?







Отуз аары бал жыйнайт,
Чарчаганын эч туйбайт.
Ону келсе ызылдап,
Сен да жеттиң тызылдап.
Канчоо калды талаада?
Чагып алат абайлап,
Санап чыкчы көрөйүн,
Сууруп алып сөөмөйүң.



Баштыкты алып барчадан,
Бекболот чүкө калчаган.
Санап көрсөк жабылып,
Бир нече чүкө бар экен,
Ичинде бирөө хан экен.
Эки чүкө таа турду,
А сегизи чик түштү.
Алчы болду алтоосу,
Бөккө түштү төртөөсү.
Канча чүкө карачы?
Кайра баарын саначы.





Кошунанын үйүндө,
Он бир тоогу ак экен,
А он бири кара экен.
Түт, түт десем угушпай,
Жыйылган кумду чачышат.
Кетип калбай кукулдап,
Сүр көргөзүп жатышат.
Канча тоок дейт, атакем?
Кошо албадым адашып,
Жардам берчи санашып.







Отуз бир бала талаада,
Бешөөсү кетти бөлүнүп,
Борбор Бишкек калаага.
Карап турбай жарышып,
Үчөөсү кетти чанага.
Чыгып келди ичинен,
Бир гана бала маарага.
Эсептечи жан досум,
Канчасы калды талаада?



Эки банан топ этип,
Маймылдын тийди башына.
Дагы чыкса өйдөлөп,
Төртөөсү түштү кашына.
Калганын Айнур караса,
Он сегиз экен санаса.
Чогултуп алды өзүнө,
Тике барса маймылдын,
Тийбесин деп көзүнө.
Канча банан бардыгы?
Эми тактап санайбыз,
Анан үйгө тарайбыз.



Беш алманы апкелсем,
Беш эсеге көбөйсө.
Аны көрүп бөбөгүм,
Кубанычка бөлөнсө.
Канча болот айтып кой?
Бешти бешке көбөйтсө?



Ак терек, көк терек,
Оюнга канча кыз керек?
Он үч жигит ортодо,
Он үч кыз келсин тезирээк.
Эрмек санап баштады,
Канча болот бүт баары?







Ак чөлмөк ойноп жатышкан,
Он эки жигит, он төрт кыз.
Дагы бир кыз кошулду,
Анын аты Созулбу?
Оюнга көңүл бөлөлү,
Чогултуп санап көрөлү.



Чоң базарды аралап,
Отуз төрт дарбыз тандадык.
Ох, жыттары буркурайт,
Союп берчи байке, деп,
Тынчы кетип бөбөгүм,
Шашкалактап тырпырайт.
Экөөсүн бердик Канатка,
А төртөөсүн Жанатка.
Канча дарбыз калды экен?
Сатып келген Маратка?





Тайкем келсе кашыма,
Эсеп келди башыма.
Чубак чыкты он бешке,
А Бекназар он төрткө.
Кошуп көрсөк экөөнү,
Жетип калат турбайбы,
Таякемдин жашына.
Канча болот айтып көр?
Ойноп жаткан кошуна.





Мен он тогуз мончокко,
Он бир мончок кошомун.
Эрте туруп эринбей,
Сулуу таңды тосомун.
Баарын тизип бүткүчө,
Үнду бийик созомун.
Кел жардамга досторум,
Мончокторду кошалбай,
Уят болот окшодум.
Кана айтат мага ким?
Канча мончок тизгеним?

**Күлсүмбүбү Соорбекова**

# Ойлоп тапчы жан досум

Дизайнери *Алтынбек Үсөнбек уулу*

Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^1/_8$.
4,5 физ. басма табак. Нускасы 1000.
Заказ №09. Келишим баада.

---

«Улуу тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Ю.Абдракманов көчөсү, 170А.

[illegible]